# 1БӨЛҮК
# ИЛИМИЙ БАЯНДАМАЛАР, МАКАЛАЛАР
# ПЕДАГОГИКА, ОКУТУУ ТЕХНОЛОГИЯСЫ

*Аман кызы Б., Чоробаева Н.*

## Т. КАСЫМБЕКОВДУН «АДАМ БОЛГУМ КЕЛЕТ» ПОВЕСТМН ОКУТУУДА СЮЖЕТТИК-КОМПОЗИЦИЯЛЫК ТҮЗҮЛҮШҮН ТАЛДОО

Т.Касымбековдун «Адам болгум келет» повестин окутууда композициялык талдоо маселелери да унутта калбашы керек. Көркөм чыгармаларды өздөштүрүү өзгөчөлүгү боюнча адабияттык окууга туура келген VII класс үчүн тексттен композициянын бардык элементтерин таптыруу максат эмес. Мында композициянын негизги компоненттеринин бири болгон сюжет жана анын элементтеринин гана аныкталганы максатка ылайык. Ал эми сюжеттин элементтерине экспозиция (окуянын башталышы, окуянын чиелениши, окуянын өнүгүшү, окуянын өсүп жеткен чеги жана окуянын чечилиши) кирет. Анан пролог менен эпилог болушу ыктымал [1, 123-б.]

Талдоолорго киришерден мурда сюжет жана анын элементтери туурасында чакан маалымат берилип, мисалдар аркылуу көрсөтүлөт. Андан соң, окуучулар менен бирдикте «Адам болгум келет» повестиндеги сюжеттин элементтери аныкталып, талдоого алына баштайт. Повестте сюжеттин элементтеринин орун алыш тартиби төмөнкүдөй:

- Асылбектин Мыкты экөө болуп Фрунзеде окууга тапшырып жүрүшү – окуянын башталышы;
- Асылбектин окуудан кулап калышы – окуянын чиелениши;
- атасынын Асылбекке жумуш издегени, Асылбектин колоктоп айылда бекер басып калышы, мунжу Базылга, курбусу Чотурга тез-тез жолукканынан ойлонуп башташы, акырындап элге аралашканы, прицепте жардамчы болуп, кышында тери жыйноочу болуп иштегени – окуянын өнүгүшү;
- эки өтүктүк конч үчүн болгон кагылышуу, Асылбектин ишинен бошонуп, ГЭСке иштеп кетүү чечимине келүүсү – окуянын өнүгүп, жеткен чеги;
- Асылбектин тери жыйноочу жумушунан кол үзүп үйүнө кайтып келиши – окуянын чиелениши.

Эми повесттеги каармандар туурасында төмөндөгүлөргө кайрылсак болот. Мына ушунда мектептин ортоңку класстарында кейипкерлерге мүнөздөмө берүүнүн методологиялык жагына кайрылуу зарылдыгы туулат. Чынында эле кейипкерлерге мүнөздөмө кандайча берилет? Анын талаптары кандай? Канткенде бул ишти туура алып кете алабыз? Дегинкиси, каарманга мүнөздөмө түзүү ишине V класстан баштап эле киришүүгө болот. «Эреже катарында, - дейт профессор Н.О. Корст, сегиз жылдыкта, айрыкча V-VII класста көркөм чыгармаларды талдоо иши каармандарга мүнөздөмө түзүү жумушунан баштайт» [4, 91-б.]. Бул пикир жеке эле V-VI класс үчүн эмес, бизди кызыктырган VII класска да толук тиешелүү. Демек, ортоңку класстарда көркөм чыгармаларды талдоо ишинде кейипкерлерге мүнөздөмө берүү өзгөчө орунда турары түшүнүктүү.

Ошону менен бирге, каармандарга мүнөздөмө берүү өзгөчөлүктөрүнө токтолуу да маанилүү. Буга байланыштуу окумуштуу К. Иманалиевдин жазганына токтолууга себеп бар: «Каарманга мүнөздөмө түзүү ишине мугалим окуучуларды алдын ала даярдоосу милдет. Бул үчүн мугалим талдоого алына турган текст боюнча абдан ойлонулган изилдөө жумушун жүргүзүүсү керек. Жалгыз гана ошол чыгарманы же текстти окуп чыкпастан, ошого карата жазылган илимий жана сын макалаларды да окуп, таанып болгондой болсун.

Каармандын образына талдоо жүргүзүүдө төмөнкү учурларды эске алабыз:

1. Каарман ким, анын сырткы кебетеси кандай, ал окуучуларга кандай таасир этет жана пикир калтырат.
2. Анын ички дүйнөсүнүн өзгөчөлүгү, мүнөзү, ал өзгөчөлүк эмнеде жана ал кандайча берилген, окуучуга кандай маанай калтырат жана кандай сезимдерге чакырат?
3. Идеялык мазмунду ачууда ошол каармандын образынын катнашы.

Каармандын образын ачууда мына ушул жогорку учурларды бири-бири менен байланышта алып текшерүү керек. Анткени булар бирибирин толуктап турат жана бир бүтүндүктүн ар түрдүү жактары болуп саналат» [3, 73-б.].

Албетте, «Адам болгум келет» повестин окутууда андагы көркөм образдар текстти окуп, талдоо процессиндегиден тышкары өзүнчө да

каралганы максатка ылайыктуу болот. Себеби, өтүлчү чыгарма мейли көлөмдүүбү, же чаканбы, кайсы гана жанрдагы көркөм туунду болбосун, кейипкердин образы андагы негизги компоненттердин бири болуп эсептелет. Бизди кызыктырганы – эпикалык жанр. Ал эми эпикалык чыгарманын башкы белгиси – анын сюжеттүү болушу. Сюжет болсо, анда катышкан каармандардын баскан-турганы, бири-бирине жасаган мамилелери аркылуу өнүгөт. Сюжеттин өнүгүшүнө ылайык, ал каармандардын кулк-мүнөздөрү да ачылуу мүмкүнчүлүгүн алышат. Көркөм образ эпикалык чыгармадагы негизги компонент болгон себептүү талдоо жумуштарында ал борбордук орунду ээлеп турат. Образдарга мүнөздөмө берүүдө мугалим да, анын окуучулары да негизинен өтүлүп жаткан чыгарма боюнча эмне материал өздөштүрсө, ошого гана таянып иш алып барышат. Текст окулуп, комментарийленип, композициялык жактан талданган соң, мугалимдин тапшыруусу боюнча окуучулар чыгармадагы каармандарга өз-өзүнчө мүнөздөмө беришет. Каармандарга мүнөздөмө берүү жумушу оозеки жана жазуу жүзүндө болушу ыктымал.

Каармандарды мүнөздөөдө төмөнкүлөр эске алынышы керек:

1. Адам мүнөзүн чыгармадагы башка образдар, тарыхый кырдаал, курчап турган чөйрө менен байланышта каралышы;

2. Анын дүйнөгө, турмушка болгон көз караштары, умтулуулары;

3. Сырткы кебетеси, сүйлөө манерасы, анын тегерегиндеги жандуу жана жансыз заттардын көрүнүшү, орун алыш абалдары жана ар кандай психологиялык кырдаалдарга карата жаратылыштын ар түрдүүчө кубулуп турушу;

4. Каармандын типтүү экени, бүтүргөн иштери, сүйлөгөн сөздөрү аркылуу жазуучунун идеялык позициясы жана турмуш чындыгына баа бериши көрүнүп турушу [2, 112-б.].

Т.Касымбековдун «Адам болгум келет» повестиндеги көркөм образдарга мүнөздөмө берүүдө мына ушул жагдайларды көңүлгө алуу милдет. Чыгармада негизинен ондон ашуун кейипкер болуп, анын ичинен экөө: баяндоочу Асылбектин өзү менен атасы Чаңгыл активдүү катышат да, апасы Айымкан, курбусу Чотур, анын аялы Сөйкө, Базыл, айыл кеңешинин төрагасы Бердикенин уулу Мыкты, бригадир Орко, Дилде ж.б. эпизоддордо гана катышып, көмөкчү ролду аткарышат. Чыгарма өтүлгөн соң окуучуларда ар бир каарманга болгон өздөрүнүн көз караштары, ой пикирлери пайда болот. Мындай пикирлерди мугалим оозеки жана жазуу жүзүндө алганы сабактын эффективдүүлүгүн арттырууга да шарт түзөт. Ар кандай көз караштардын пайда болуусу алардын келечекке болгон ойлонуулары, максат коё билүүгө дем бермекчи.

**Адабияттар:**

1. Абрамович Г.А. Введение в литературоведение. – Москва: Просвещение, 1975
2. Голубков В.В. Методика преподавания литературы. – Москва: Учпедгиз, 1962
3. Иманалиев К. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы. – Фрунзе: Мектеп, 1976
4. Корст Н.О. Очерки по методике анализа художественных произведений. – Москва: 1963

**Рецензент: ф.и.к. Сатылган кызы Г.**